**ОшМУнун эларалык медицина факультетинин**
**“Клиникалык дисциплиналар 3” кафедрасынын кезектеги жыйыны.**

# ПРОТОКОЛУ 3.1

Төрага – м.и.к доцент Б.О.Абдурахманов. 28.11.2025
Катчы – Акылбек к Б
Катышкандар: 36 студент
Өтүлүүчү жай: лекция залы

## КҮН ТАРТИБИ:

1. **Факультетте чет элдик конок лекторду кабыл алуу.**
2. **Roger Snyder тарабынан өтүлгөн лекцияны талкуулоо.**

**УГУЛДУ:** Отурумдун төрагасы м.и.к. доцент Б.О.Абдурахманов алгач жыйынга катышкан профессордук-окутуучулук курамын күн тартиби менен тааныштырып өттү жана “Клиникалык дисциплиналар 3” кафедрасында улук окутуучу А.Э.Омурзакова жетектеген конок лекциясы болуп өткөндүгүн баса белгиледи. Сөз башында А.Э.Омурзакова чакырылган конок лектор менен тааныштырды. Чакырылган конок лектор Roger Snyder (АКШ) үй-бүлөлүк медицина тармагындагы даарыгер болду.Студенттерге өз тажрыйбасы менен бөлүшүп,ошондой эле лекция өтүлдү. Лекция “Нейропатия оорусунун себептери, клиникалык симптомдору,диагностикасы жана туура, заманбап даарылоосу” жөнүндө болуп өттү. Доктор Roger Snyder өзүнүн практикалык сунуштары менен бөлушүп, ошондой эле неврологоиялык оорулууларды эрте аныктоодо үй-бүлөлук даарыгерлердин ролу чоң экенин баса белгиледи.

Студенттер лекция мазмундуу жана пайдалуу өтүлгөндүгүн баса белгилешти жана конок лекторго ыраазычылыгын билдиришти. Кафедранын улук окутуучусу А.Э.Омурзакова студенттерге талыкпай билим алуусун, алдыга умтуулусун жана студенттердин билим алууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүгө аракет кыларын сөз аягында белгилеп өттү.

## ТОКТОМ:

1.Чет элдик конок лектор Roger Snyder тарабынан өтүлгөн лекция канааттандырарлык деп табылсын жана мындай форматтагы конок лекцияларды факультетте мындан ары да үзгүлтүксүз уюштуруу сунушталсын.

2.“Клиникалык дисциплиналар 3” кафедрасына конок лекторлордун тажрыйбасын окуу процессине интеграциялоо, студенттердин клиникалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды күчөтүү тапшырылсын.